**Социальный фонд**
Кыргызской республики

Информация представлена
по состоянию на август 2024 года

# ТОПТОМО ПЕНСИЯНЫ АЛУУНУН ЖОЛДОРУ

- Пенсионерлерге төлөм
- Өлкөдөн чыгуу
- Мураскорлорго төлөм
- Ипотекалык насыялоо
- Жумушсуздук
- Оор ооруларды дарылоо төлөм

БИЗ АР КАНДАЙ ШАРТТА ЖАНА КЫРДААЛДАРДА ЖАРАНДАРГА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ МЕНЕН ПЕНСИЯЛЫК ТОПТОО КАРАЖАТТАРЫН АР ТАРАПТУУ ПАЙДАЛАНУУГА УМТУЛАБЫЗ.

## Аскер кызматкерлерине төлөө

Аскер кызматкерлеринин жаш курагы жалпы белгиленген 63 жашка жетип, МПТФнын эсебинде каражаты болгон учурда топтомо пенсиялык фонддон каражаттарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Аскер кызматчылары Соцфондго камсыздандыруу төгүмдөрүн аскердик кызмат өтөө мезгилинде чегербей тургандыгын белгилей кетүү маанилүү. Бул мүмкүнчүлүк аскердик кызматка чейин же андан кийин жарандык чөйрөдө иштеген жана Соцфондго тиешелүү төгүмдөрдү төлөгөн жарандарга карата колдонулат.

## Ипотекалык насыялоо

Ипотекалык насыя алып жаткан же алган адамдар, алардын жубайлары жана «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын алкагында кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча каражаттарды төлөгөн жарандар, ошондой эле банк кепилдигин берүү менен үлүштүк турак жай курулушуна катышкан же курулган объекттерде курулуш субъекттеринен бөлүп төлөө келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөндөр, пенсиялык топтоо каражаттарын баштапкы төгүмдү каржылоо жана ипотекалык насыясын төлөө үчүн колдоно алышат.

## Оор ооруларды дарылоо

Оор дартка кабылган жарандар жана алардын үй-бүлөлөрү дарылануун каржылоо үчүн пенсиялык топтомо каражаттарын мөөнөтүнөн мурда ала алышат.

## Пенсия курагына жеткен жарандарга төлөп берүү

Жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору бар болсо “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия алган жана пенсия алууга укуктуу пенсионерлерге төлөнүп берилет.

## Чет өлкөдө туруктуу жашоо үчүн өлкөнүн чегинен тышка чыкканда

Кыргызстандын чегинен тышкары туруктуу жашоо үчүн кеткен же кетип жаткан жарандар да жеке камсыздандыруу эсептеринде сакталган пенсиялык топтомолорун ала алышат.

## Мураскорлор

Жаран каза болгон болсо, ал тирүүсүндө камсыздандырылса, жеке камсыздандыруу эсебиндеги топтолгон каражатты маркумдун мураскорлору алууга укуктуу.

## Жумушсуздук

Расмий түрдө жумушсуз деп таанылган адамдар эмгекке жарамдуу курактагы калктын жашоо минимумунун өлчөмүн эске алып пенсиялык топтоо каражаттарын ала алышат.